**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Б.Н.ЕЛЬЦИН атындагы
КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

К 10.22.648 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда

УДК:81’367.625(575.2)(04)

СУЛТАНОВА АЙЖАМАЛ АБЫЛКАСЫМОВНА

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЭТИШТИН КЕЛЕР ЧАК МААНИЛЕРИНДЕГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

10.02.01 – кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

Бишкек – 2024

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз тили бөлүмүндө аткарылды.

Илимий жетекчи:	**Абдувалиев Ибраим,** филология илимдеринин доктору, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору
Расмий оппоненттер:	**Жаманкулова Кульжамал Тологоновна,** филология илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети профессору
	Усубалиев Бейшенбай Шенкеевич, филология илимдеринин доктору, КРнын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Эл аралык Кувейт университетинин Э. Ибраев атындагы журналистика жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын профессору
Жетектөөчү мекеме:	И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун профессор Т. К. Ахматов атындагы Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы. 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51

Диссертациялык иш 2024-жылдын 26-апрелинде саат 13.00дө Ош мамлекеттик университети жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн К 10.22.648 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Киев көч., 44. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-nue-ms2-yib

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин (7140000, Ош ш., Ленин көч., 333) жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 20-мартында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент Ибраимова Г.О.

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Түркологияда этиш сөз түркүмүнүн чак категориясы, анын ичинен келер чак тууралуу маалыматтар айтылып келе жатат. XIX кылымда жазылган алтай тилинин грамматикасында этиш сөздөрдүн келер чакта келип айтылышына бир аз орун берилген. Бирок накта этиштер менен чакчылдардын ортосундагы айырмачылыктар эске алынган эмес. Этиш сөздөрдүн чак категориясы, чактар боюнча этиштердин өзгөрүш маселелери Н. К. Дмитриевдин, А. Н. Кононовдун, Н. А. Баскаковдун жана башка түрколог окумуштуулардын башкыр, түрк, өзбек, каракалпак тилдери боюнча жазган грамматикаларында каралып келген. Кыргыз тилинде алгач Касым Тыныстановдун окуу китептеринде баяндалып, андан кийин да бир нече авторлордун эмгектеринде айтылып жүрүп, 1964-жылы чыккан кыргыз тилинин грамматикасында бир топ кеңири түшүнүк берилген.

Бирок, кыргыз тилинде келер чак маанилеринин туюндурулушу, аны уюштуруучу грамматикалык каражаттар атайын колго алынып, лингвистикалык жактан терең изилденбеген бойдон калууда. Салттуу түрдө келер чак айкын келер чак жана арсар келер чак деп иликтенип окутулуп келе жатат. Мына ошол айкын келер чак менен арсар келер чактын түрдүү маанилери, аларды уюштурган грамматикалык каражаттар такталбаган бойдон окутулуп жүрөт.

Түрколог окумуштуулардын көпчүлүгүнүн келер чакты башка чактардан биротоло бөлүп карабай учур-келер чак, өткөн-келер чак деп иликтеп жазган учурлары бар. Албетте мындай ойлор башка түрк тилдеринин иликтенишинде айтылган. Бирок түрк тилдеринин бири катары кыргыз тилинин грамматикалык жалпы теориялык маселелери тектеш түрк тилдеринен биротоло бөлүнүп чыгып кетпейт. Кыргыз тилинде этиштин келер чагынын мына ушул жактары да али изилденип өз баасын ала элек.

Ошондуктан, азыркы кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилери атайын изилденип, маанилери менен лексика-грамматикалык каражаттарынын аныкталып чыгышы актуалдуу маселе болуп саналат.

Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүүчү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий-изилдөө багыты менен тыгыз байланышта аткарылды.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Илимий изилдөө ишибиздин максаты болуп азыркы кыргыз тилиндеги келер чак этиштердин маанилерин, келер чакты уюштурган лексика-грамматикалык каражаттарды тактоо болуп саналат.

Мына ушул максатка ылайык алдыбызга коюлган бир канча милдеттер аткарылды.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

Азыркы кыргыз тилинде келер чак маанилери алгачкы жолу атайын изилденип, андагы грамматикалык каражаттардын, алардын маанилеринин такталышы, учур чак менен келер чактын уюшулушундагы жалпылык жана айырмачылык жактарынын ачылып көрсөтүлүшү жана түрк тилдериндеги учур-

келер чак, өткөн келер чак деп айтылган терминдердин азыркы кыргыз тилинин грамматикасына туура келер-келбестигинин каралып чыгышы иштин илимий жаңылыгы болуп эсептелет.

Диссертациялык иштин практикалык мааниси. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү азыркы кыргыз тилинин материалдары боюнча кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилеринин ар кандай кырдаалдардагы туюндурулган грамматикалык маанилик көрүнүштөрүнүн такталгандыгында турат. Иштин корутундуларын, таянактарын, жыйынтыктарын кыргыз тилинин академиялык грамматикасынын жазылышында колдонууга болот. Студенттер үчүн этиштин чак категориясы боюнча атайын курс иштелип чыгууда жана кыргыз тилинин грамматикасын өздөштүрүүдө пайдасы чоң.

Коргоого чыгарылган негизги жоболор:

- кыргыз тилиндеги келер чактын морфологиялык жактан уюшулушу учур чакка окшош болгону менен контекст маанилеринен грамматикалык келер чак туюндурула берет;

- кыймыл-аракет убакыт бирдигинде боло турган көрүнүш, анын абстракттуулугу болуп жаткан жана болуп өткөн сыяктуу эле боло тургандык акыйкаты менен да ченелет;

- келер чакта боло турган кыймыл-аракет, ал-абалдар субъект менен объектинин ортосундагы аткарылыштын ишке ашышы, болжолдуулугу менен байланышта болот;

- этиш сөздөрдүн келер чак маанилери этиш сөздөрдүн лексикалык маанилерине, ыңгай жана айрым учурларда мамиле категорияларынын маанилерине да көз каранды болуп калат;

- кыймыл-аракет, ал-абал эч убакта субъектисиз ишке ашпагандыктан, этиштин келер чак маанилеринин туюндурулушу жак категориясынын маанилерине көз каранды болот.

Изилдөөчүнүн жекече салымы. Диссертациялык иштин илимий натыйжалары, азыркы кыргыз тилинин материалында алардын терең изилдениши, учур чак менен келер чактын жасалышындагы грамматикалык каражаттардын жалпылыктарына карабай алардагы учур же келер чактардын грамматикалык маанилериндеги айырмачылыктарынын аныкталышы изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет. Кыргыз тилинде келер чак маанилеринин уюшулушундагы лексика-грамматикалык каражаттардын милдеттеринин аныкталышы да изденүүчүнүн жекече салымы катары каралууга тийиш.

Изилдөөнүн натыйжаларынын сындан өтүшү. Диссертациялык иштин мазмуну боюнча К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин профессор-окутуучуларынын жыл сайын жыйынтык илимий конференцияларында доклад-баяндамалар жасалып турду. Андан тышкары Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде, Казакстандагы, Туркиядагы жогорку окуу жайлардын жана илимий мекемелердин илимий симпозиумдарында баяндамалар жасалды.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу. Диссертациянын негизги жоболору, теориялык тыянактары жана илимий-практикалык сунуштары изилдөөчүнүн 14

макалаларында жарыяланган. Бул макалалардын ичинен төртөө Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарда, экөө тиешелүү түрдө Россиядагы жана үчөө Туркиядагы илимий цитаталоо көрсөткүчтөрүнө ээ болгон журналдарда жана калган бешөө Кыргызстандагы илимий журналдарда жарык көргөн.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмү. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүү бөлүмүндө автор теманын актуалдуулугун негиздеген, изилдөөнүн максатын жана милдеттерин белгилеп, анын объектин, предметин, ыкмаларын аныктаган; автор тарабынан алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү ачылып берилген; изденүүчүнүн өздүк салымы аныкталган; изилдөөнүн натыйжаларын сындан өткөрүүнүн жыйынтыктары, бул натыйжалардын жарыкка чыгарылган эмгектерде чагылдырылуусунун толуктугу көрсөтүлгөн.

Биринчи бапта этиш сөздөрдү изилдөөнүн маанилүүлүгүнө баа берилип, келер чактын жалпы тил илиминдеги орду жана ролу ачып көрсөтүлгөн, этиш сөз түркүмдөрүнө жүргүзүлгөн түркологиялык изилдөөлөргө сереп салынган, келер чак маанилеринин кыргыз тил илиминде иликтенүүсүнүн маселелери каралган.

Ошентип, тил илиминдеги мына ошол маселелердин изилдениши, келер чак маанилеринин тил илиминдеги абалы тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзмөкчүбүз.

Кыргыз тилиндеги келер чактын тыбыштык көрүнүшү, морфологиялык жактан уюшулушу учур чакка окшош болгону менен өткөн чак сыяктуу мезгилдин өтөр аралыгы, узактыгы жана перспективалуу көрүнүшү аркылуу жүрөт.

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанисинде айтылышы дайыма этиштин жак, ыңгай категорияларынын маанилери менен ажырагыс биримдикте ишке ашат. Ошону менен бирге этиш сөздөрдүн уңгу же негиз түрүндөгү көрүнүшүндө да дайыма келер чак маанилери болот. Бирок мындай учурда деле жак мааниси ошол турушу менен эле билдириле берет.

Лексика-грамматикалык маанилеринен улам кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилеринде өз ара бири-биринен айырмаланган көрүнүштөрү болот. Алар азыркы кыргыз тилинин нормативдик грамматикаларында жалпы жонунан айкын келер чак жана арсар келер чак деген эки топко ажыратылып окутулуп келе жатат.

Сөз болуп жаткан учурдагы кыймыл-аракет, сөз болуп жаткан кезден мурда болуп өткөн кыймыл-аракет жана сөз болуп жаткан кезде али аткарыла элек кыймыл-аракеттердин билдирилиши байыркы кылымдардан бери эле окутулуп, иликтенип келүүдө. Демек дүйнөдөгү бардык тилдерде учур чак, келер чак жана өткөн чакты билдирген этиш сөздөр бөлүнүп көрсөтүлүп изилденип келе жатканы белгилүү. Ошондо да, кээ бир тилдерде мына ушул үч чактын ар биринин өзгөчөлөнгөн түрлөрүнүн бар экени да белгилүү.

Түркологиялык эмгектердин көпчүлүгүндө этиш сөз түркүмүнүн чак маанилери, анын ичинде келер чак маанилери атайын изилдөөлөрдүн сыртында

калган. Алсак, алтай тилинин грамматикасында этиш сөз түркүмү ыраттуу берилген эмес. Анын келер чак маанилери атайын бөлүнүп көрсөтүлбөй, буйрук формаларында экинчи жактын мүчөлөрү жалганган мисалдар катары гана келтирилген: *алыңар, алыгар, алаар*. Ошону менен бирге буюруу маанисиндеги -*гын, -сын (-зын)* мүчөлөрү жана биринчи жакты туюндурган -*айын,* көптүк санда -*ык, -лы (алалы)* мүчөлөрү келтирилген, булардын грамматикалык маанилеринде келер чак мааниси бар [48, 62-63-б.]. Бирок, китепте мына ушул формалар келер чак деп айтылган эмес.

Келер чак формаларынын изилдениши тууралуу эмгектерди карап көрөлү. Заттардын кыймылын, кыймыл же бейпилдик абалда болорун билдирип, "этиш сөздөр убакыт, мезгил менен байланышып, этиштик маанилер убакыт бирдигинде ишке ашып, же ишке аша турган болуп туюндурулат" [3, 99-б.]. Ошон үчүн этиштин учур чакта же келер чакта болуп айтылышы, биздин оюбузча, көбүнчө интонация менен эле ишке аша берет.

Азербайжан тили боюнча жогорку окуу жайлар үчүн жазылган окуу китепте да этиштин келер чагы айкын келер чак (гәти кәләчәк заман) жана арсар келер чак (гејри-гәати кәләчәк заман) деп экиге бөлүнөт. Айкын келер чакты -*ачаг (-әчәг)* мүчөсү, ал эми арсар келер чакты -*ар (-әр)* мүчөсү уюштура турганы жазылган [54, 175-176-б.]. Бул жерде арсар келер чактын уюшулушу негизинен кыргыз тили менен бирдей, ал эми айкын келер чактын уюштурулушунда олуттуу айырма бар. Азербайжан тилиндеги келер чактын -*ачаг* мүчөсү кыргыз тилинде чакчылдын -*ганча (-гыча)* мүчөсүнүн метатезаланган түрү сыяктуу болуш керек.

Азыркы уйгур тилинин грамматикасында чак категориясы этиш аркылуу баяндалган ар кандай аракет, абал, адатта, кандайдыр убакытка байланыштуу болору айтылып, "пеил арқилиқ ипадиләнгән һәр қандақ һәрикәт, һаләт, адәттә, бирәр вақитқа бағлиқ болиду", деп мүнөздөлөт [84, 221-б.]. Кыргыз тилиндегидей эле үч чак, *һазирқи заман, келедиған заман, өткән заман* болот деп айтылат. Келер чак бул грамматикада төрт түргө ажыратылып көрсөтүлгөн.

Башкыр тилинде *келер чакты киләсәк заман* деп айтып, аны билдәһеҙ киләсәк заман, билдәле киләсәк заман деп экиге бөлөт. Булардын биринчиси кыргыз тилиндеги арсар келер чакка, экинчиси айкын келер чакка туура келет.

Өзбек тилинде этиштин келер чагынын уюшулушу бизге башкача туюлду. Белгилүү түрколог А. К. Боровковдун өзбек тилинин грамматикасы боюнча жазган кыскача очеркинде этиштин келер чагы жалпы түрк тилдеринин көпчүлүгүндө көрсөтүлгөндөй айкын келер чак, арсар келер чак деп көрсөтүлөт.

Өзбек тилиндеги келер чак маанилери боюнча иликтөө жүргүзүп, окумуштуу минтип жазат, "... будущее определенное, то есть имеющее совершиться в будущем, например, мехнат рохатга етказар труд приведёт к наслаждению (пословица) и т.п., и будущее предположительное, а так же действие длительное и постоянное, например, балки, у бир нарса айтар можеть быть, он что-нибудь скажет" [42, 706-б.]. Келтирилген мисалдары боюнча "эмгек ыракатка жеткизер" (мехнат рохатга етказар) дегенде айкын келер чак, ал эми "балким, ал бир нерсе айтар" (балки, у бир нарса айтар) деген мисал арсар келер чактын маанисин билгизип жатат. Демек, кыргыз тилинен анча деле айырмалана бербейт. Жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттери үчүн коллектив тарабынан жазылган окуу китепте да ушундай болуп этиштин

келер чагы түшүндүрүлгөн. Окуу китепте келер чак "Хозирги-келаси замон формаси" [363-б.] деп берилет. Бул келер чактын азыркы-келер чак формасы деген сөз болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги этиштер тууралуу эң эле алгачкы маалыматтар К. Тыныстановдун китептеринен башталат. Келер чактын азыркы кездеги кыргыз тилинин грамматикалардагы жазылып келе жатканына К. Тыныстановдуку, албетте туура келе бербейт, бирок ал биринчи айтылган ой болгон. Кыргыз тилинин жазма түрүнүн жаңыдан башталышы болуп, алгачкы башталыш болгондуктан, анын этиш жана этиштин чактары, анын ичинде келер чак тууралуу жазгандарына биз жогору баа беришибиз керек. Тилекке каршы анын мектеп окуучулары үчүн жазган грамматикасы андан ары өзү тарабынан да, кийинкилер тарабынан да өркүндөтүлүп иштелбей калган.

Ошентсе да, кыргыз тилиндеги этиш сөз түркүмү, анын чактары К. Тыныстановдон кийин чыккан окуу китептерде айтылып, уламдан улам бул ойлор өркүндөп жазылып келген. Ошолордун катарында Ү. Бактыбаевдин "Кыргыз тилинин грамматикасынын этиш бөлүгү (морфология)" деген эмгеги жаралган. Китепте этиш, этиш сөздөр тууралуу маалымат берилип, этиштин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Эмгекте "Жалкы жана жалпы этиштер. Негизги этиштер. Катыш (буйрук) этиштер. Этиштин оң жана терс түрү жөнүндө. Этиштин түрлөрү. Жардамчы сөздүү этиштер. Курама атооч менен мүчөлүү жалпы этиштер. Этиштин жакталышы. Тууранды этиштер" – деген темалар талдоого алынып түшүндүрүлүп жазылган. Китептин мына ушул мазмунунда көрүнгөндөй, этиштин чактары боюнча атайын тема берилип жазылган эмес экени байкалат.

Автор келер чактын айкын келер чак түрүн жакынкы чак деп атаган. Ал эми этиштин арсар келер чак түрүн ашыркы чак деп атап, кашаанын ичине арсар деген сөздү кошо жазган да, жекелик одоно жана сылык, көптүк одоно жана сылык түрлөрдө *барар, кетер, орор, жүрөр* деген этиштердин жакталышын таблица түрүнө келтирип берген [37-б.]. Эмгекте кыргыз тилиндеги этиштин келер чагы тууралуу маалыматтары мына ушулар.

Ү. Бактыбаевдин китебинде этиштин айкын келер чак түрүн жакынкы чак, арсар келер чагын ашыркы чак деп К. Тыныстановдун термини колдонулуп жазылган. XX кылымдын отузунчу жылдарында мектеп окуучулары үчүн эмес, мугалимдер үчүн, болбосо атайын орто окуу жайлар үчүн кыргыз тили боюнча кыргызча жазылган ушул гана эмгек колубузга тийди. Биздин оюбузча, айкын келер чакты жакынкы келер чак деп, арсар келер чакты минтип ашыркы келер чак деп атагандык жаңылыштык болуп эсептелет.

XX кылымдын отузунчу жылдарында И. А. Батмановдун кыргыз тилинин морфологиялык түзүлүшү боюнча "Части речи в киргизском языке (материалы к стандартной схеме морфологии киргизского языка)" деген эмгеги жарыкка чыккан. Эмгектин аты эле айтып тургандай окумуштуу кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн аныктап, аларга мүнөздөмө берүүгө аракеттенген [39]. Эмгекте сөз түркүмдөрү тууралуу гана маалыматтар берилип, ар бир сөз түркүмүнүн грамматикалык категориялары талдоого алынган эмес. Анда этиштин чактары, анын ичинде келер чак этиштери да терең талдоолор менен жазылган эмес.

Кыргыз тилинде грамматикалык маанилердеги учур чактык же келер чактык айырмачылык контекст боюнча, сүйлөмдүн жалпы мааниси боюнча так

эле ажыратылат. Этиштин келер чак маанилеринин бул жогорудагы сөз болгон көрсөткүчтөр менен эле туюндурулбай, башка көрсөткүчтөрдүн да болушу керек деп эсептейбиз.

Экинчи бапта этиш сөздөрдү изилдөөнүн методологиялык өзгөчөлүктөрү, келер чак маанилерин изилдөөнүн методологиялык негиздери жана ыкмалары, келер чак маанилери менен мезгил агымынын катыштыктары изилденген.

Диссертациялык изилдөөнүн объекти. Биздин бул изилдөө ишибиздин объекти болуп этиш сөздөрдүн келер чакта айтылышы боюнча көркөм адабияттардан терилип алынган мисалдар болуп саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп кыргыз тилинин грамматикасында келер чакты билдирип айтылган этиштердеги мүчөлөрдүн маанилери саналат.

Изилдөөнүн методологиялык базасы. Изилдөөнүн методологиялык негизи катары орус жана батыш европалык түркологдордун грамматикалык изилдөөлөрү жана кыргыз тилчилердин (С. Кудайбергенов, Б. Орузбаева) этишти изилдеген теориялык эмгектери пайдаланылды. С. Давлетовдун, С. Ж. Мусаевдин жана башка окумуштуулардын кыргыз тилинин грамматикасы боюнча жазган эмгектериндеги теориялык маалыматтар да эске алынды.

Изилдөөнүн ыкмалары. Илимий изилдөө ишибизде колдонулган негизги ыкмалар болуп грамматикалык байкоо, грамматикалык каражаттарды салыштыруу ыкмалары эсептелет. Түрк тилдеринин материалдары боюнча салыштырма-тарыхый ыкманын тажрыйбалары да колдонулду.

Этиштин чак жана ыңгай маанилерде колдонулушу жак категориясына түздөн-түз байланыштуу болот. Сөз, этиш сөз, кайсы жак тарабынан айтылгандыгынын тилдеги пикир алышууларда мааниси чоң. Ошондуктан чактар, тактап айтканда, келер чак тууралуу сөз болгондо этиш сөздөрдүн мына ушундай касиеттеринин кайсы жакта айтылып жаткандыгын эске алуу маанилүү.

Кыргыз тилинде этиштин келер чагы уңгу этиштердин мааниси менен эле эмес, тиешелүү ар кандай лексика-грамматикалык каражаттар менен да, жардамчы этиштердин катышуусу менен да, айрым бир башка сөздөрдүн катышуусу менен да уюшула берет.

Кыргыз тилинин грамматикасында этиштин маанилик топтору берилип, алардын лексика-грамматикалык төрт тобу көрсөтүлгөн. Алар: кыймыл этиштер, абал этиштер, өзгөрүм этиштер жана сезим этиштер болуп эсептелет [7, 141-б.]. Кыймыл этиштер кыймыл-аракетти, абал этиштер ал-абалды, өзгөрүм этиштер болсо, сандык же сапаттык өзгөрүүлөрдү, сезим этиштер адамдын акыл-ой ишмердигиндеги кыймыл маанилерин билдире тургандыгы баяндалган. Этиш сөздөрдүн лексика-грамматикалык мына ушул маанилик топторунун алгачкы экөөндө, кыймыл этиштер менен абал этиштерде этиш сөз түркүмүнүн эрежесинде айтылган кыймыл-аракет менен ал-абал бар болуп даана байкалат. Ал эми өзгөрүм этиштер менен сезим этиштерде болсо, кыймыл-аракет да, ал-абал да байкала бербейт. Ошондой болсо да, мисалы, өзгөрүм этиштери убакыттын, мезгилдин өтүшү менен өзгөргөндүккө кабылып, билинбеген, тынымсыз акырындык менен жүрүп турган кыймылдын натыйжасы катары көрүнөт. Өзгөрүм этиштердин лексика-грамматикалык маанилеринен убакыт бирдигинде боло берген, боло турган билинер-билинбес кыймылды туябыз. Сезим этиштерде болсо, кыймыл-аракеттин же ал-абалдын көрүнүшү адамдын

акыл сезиминде гана болуп өтүп, булар да билинер-билинбес кыймылдын натыйжасы катары көрүнө берет.

Кыргыз тилинин лексикалык составындагы этиш сөздөрдү мейкиндик, мезгил жана кыймыл процесстеринин алкагында тилдин жандуу көрүнүштөрүн чагылдырган конкреттүү мисалдар аркылуу, терең талдоого алынып изилдениши талап кылынат. Жаратылыштын, адам коомунун дайыма кыймылда болуп турушу этиш сөз түркүмүн талдап иликтеген мисалдардын ар биринде даана чагылдырылып турушу керек.

Биз үчүн келер чак маанилери боюнча методологиялык багыт боло турган эмгек болуп Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология деген эмгектер эсептелет. Мындай эмгектерде, грамматикаларда этиш сөз түркүмү, анын ичинде этиштин чактары боюнча кеңири түшүнүк берилип жазылат. Биздин илим изилдөө ишибизге жол көрсөтөр методологиялык эмгектердин алгачкысы болуп К. Тыныстановдун морфология боюнча жазган эмгектери кызмат кылат.

Кыргыз тилинин грамматикасы [110], Кыргыз адабий тилинин грамматикасы [105], башка грамматикалардагы, жогорку окуу жайлардын окуу китептериндеги келер чак тууралуу берилген түшүндүрмөлөр изилдөөбүздүн жүрүшүнө, изилдөө методдорун аныктоого, планды жакшылап иштеп чыгууга өбөлгө болду.

Азыркы кыргыз тилиндеги этиш сөздөр, алардын жасалышы боюнча профессор С. Кудайбергенов эки монография жарыялаган. Этиштердин теориялык маселелери иликтөөгө алынып, алардын атооч сөздөрдөн жана этиш сөздөрдөн сөз жасоочу куранды мүчөлөр аркылуу жасалыштары тарыхый өңүттөн каралып чыкканынын биздин ишибиз үчүн пайдасы тийбей койбойт.

Академик Б. М. Юнусалиевдин Киргизская лексикология [185] деген монографиясындагы сөздөрдүн тарыхый келип чыгыш маселелери, уңгу жана уңгу сөз тууралуу айтылган ойлор, изилдөөлөр методологиялык жактан ишибиздин андан ары изилденишине баалуу материалдарды берди. Лексикологиялык изилдөө болуп эсептелгени менен Б. М. Юнусалиевдин изилдөөсүндө кыргыз тилинин лексикалык составынын тарыхый өсүп-өнүгүш маселесинин каралышы сөздөрдүн морфологиялык түзүлүшүнүн терең изилденишинде этиш сөздөрдүн гармматикалык каражаттар менен өзгөргөн түрлөрү иликтенген. Ал эми сөздөрдүн гармматикалык каражаттар менен өзгөргөн көрүнүштөрү этиш уңгулардын мисалдарында да иликтенип, ийгиликтүү ишке ашкан. Ошентип Б. М. Юнусалиевдин монографиясы илим изилдөөгө киришүүдө методологиялык эмгек болуп, **изилдөө методдорубузду аныктоого жардам берген** эмгек болуп кызмат кылды

Этиштердин изилденишинде негизинен салттуу методдор колдонулуп, жыйынтыктар мисалдардын талданып чыгышы менен коштолот. Кыймыл-аракеттер ар дайым убакыттын бирдигинде өткөндүктөн бир нече мисалдар келтирилип, алардагы этиш сөздөрдүн мезгил агымындагы аткарган милдеттери, грамматикалык кыймыл маанилеринин мүнөзү жана сөз болуп жаткан кездеги көрүнүшү талдоого алынат. Ар кандай кыймыл-аракеттердин, ал-абалдын сөз болуп жаткан учурга карата реалдуу көрүнүштөрү, сүйлөп жаткан убакыттан бир канча мезгил кийин аткарылат. Мына ушул кыймыл-аркеттин ишке аша тургандыгын аныктоо, аткарылар-аткарылбас мүнөзүнө баа берилиши менен иликтенүүлөрү салттуу болуп саналган байкоо методу менен эле аныктала

бербейт. Ар бир этиш сөздүн, татаал формада келген этиштердин ар бир компонентинин лексика-грамматикалык маанилеринин мүнөзү сөздөрдү бири-бири менен салыштыруулар, алардын лексика-грамматикалык маанилериндеги өзөрүүлөргө байкоо жүргүзүү менен иш жүрөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сөздөрдүн структуралык жактарындагы өзгөрүүлөр, ар бир структуралык бөлүктөрүндөгү тыбыштык өзгөрүүлөр менен бирге лексикалык гана эмес, грамматикалык да маанилериндеги көрүнүштөр, маанилик жылыштар диалектилердин фактылары жана тектеш тилдердин фактыларын да мисалга тартуу менен жүрүп, иштин тиешелүү бөлүмдөрүндө салыштырма жана салыштарма-тарыхый методдордун тажрыйбаларына да кайрылуулар болду.

Убакыт деген нерсе эч бир токтобой өтүп турган кубулуш болуп эсептелет да, ал кыймыл-аракет менен өтө тыгыз байланышта болот. Демек, кыймыл-аракет сөзсүз түрдө убакыт, мезгил менен байланышта болуп, ошол убакыт же мезгилдин бирдигинде аткарыла турган, аткарылган же аткарылып жаткан көрүнүш болуп саналат. Ошентип тилдин лексикасындагы этиш сөздөр дайыма кыймылдын же бейпил абалдын көрүнүшү болуп туюндурулган көрүнүштөрдүн аталыштары катары тилде колдонулуп жүрө берет. Мезгил бирдигиндеги кыймыл-аркеттер же ал-абалдар ар кандай абалдарда боло берет.

Улуу демократ акын Токтогул Сатылгановдун “Өмүр” деген ырынан мисал алып карасак, адамзаттын өмүр кечирип жашоо турмушунун тынымсыз өтө берген көрүнүшү ырга салынган.

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу.
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу. (Токтогул).

Кыймыл-аракеттин аткарыларына карата каалоо тилектин айтылышы убакыттын кийинки мезгилинде боло турганындай баяндалат. Убакыттын токтолбой өтүп кете тургандыгынын мааниси кошо айтылып ырдалган.

Ошентип, акындын ырынан мезгилдин токтолбой өтө берери, ар бир мезгил учурунда кыймыл-аракеттин боло берерлиги, болуп өткөн жыйынтыктары туюндурулган.

Бул мисалдан биз грамматикадагы этиш сөз түркүмүнүн лексикалык маанилеринин аткарылып жыйынтыктала турган көрүнүшүн байкадык. Бул жагдай этиш сөз түркүмүн иликтеп изилдөөдө аны мезгил бирдиктери менен тыгыз биргеликте карап изилдөөнүн зарылдыгын шарттайт.

Биздин изилдөөбүз этиш сөз түркүмүнүн келер чак маанилери болгондуктан дайыма убакыттын алдыда келе турган агымынын арасындагы кыймыл-аракеттер, ал-абалдар тууралуу сөз кылып иликтөө жүргүзөбүз. Демек, этиш сөздөрдүн али аткарыла элек, али боло элек, келечекте боло турган кыймыл-аракеттерин ажырата байкоо жүргүзүү ыкмалар менен, башкача айтканда, лингвистикалык байкоо методунун тажрыйбалары менен иш жүргүзүшүбүз керек. Кыймыл-аракеттин убакыт бирдигинде жүрүшүн, жүрө турганын байкоо методу менен гана туюп аныктайбыз.

Кыймыл-аракеттин келер чак маанилеринде айтылышы кандайдыр демилге, алдыга умтулгандыкты туюндуруп, мезгил агымы менен тыгыз

байланышта жүрөт. *Кой, көбү бүтүп азы калганда жалакайланбайм. Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбой, чымырканалы.* (Ө. Даникеев).

Сүйлөмдө негизги ойду туюндурган этиш сөздөрдө, *жалакайланбайлы, чымырканалы* деген сөздөрдө токтобой тынымсыз өтүп жаткан мезгил агымынан калышпай алга карай умтулгандык аракеттер айтылып, сөз менен убакыттын карым-катыштыгы көрүнүп жатат.

Ошентип, этиш сөздөрдүн изилденишинде негизги методологиялык багыт болуп этиш сөздөрдүн лексика-грамматикалык маанилеринин касиетинен келип чыгыш керек. Кыймыл-аракеттерди, ал-абалды жана байкалбагын өзгөрүүлөрдү билдирген маанилер ар дайым абстракттуулукта боло тургандыгы эске алынып, лексика-грамматикалык маанилерге өтө терең жана дыкаттык менен байкоо жүргүзүү талап кылынат.

Үчүнчү бапта келер чак маанилеринин этиштик уңгулардын (негиздердин) өзүндө туюндурулушу, келер чактын ыңгай маанилери аркылуу туюндурулушу, терс маани -*ба* менен, суроо маани -*бы* менен уюшулган айкын келер чак маанилери, тилдөө сөздөрдүн айкын келер чак маанилери, өтүнүү мүчөсү -*чы* менен уюшулган келер чак маанилери, мамиле мүчөлөрүндөгү айкын келер чак мааанилери, этиштик негизге (уңгуга) -*ар* мүчөсүнүн, -*бас* мүчөсүнүн жалганышы менен туюндурулган арсар келер чак маанилери, грамматикалык башка каражаттар аркылуу келер чак маанилеринин туюндурулушу изилденген.

Азыркы кездеги грамматикаларда айкын келер чактын уюшулушу чакчылдын -*а,* -*й* мүчөлөрүнөн кийин тиешелүү жак уландыларынын жалганышы менен, арсар келер чактын уюшулушунун негизгиси болуп -*ар* мүчөсү көрсөтүлүп окутулуп жүрөт. Арсар келер чакты бир гана -*ар* мүчөсү эмес, башка каражаттардын да уюштура турганы айтылып, жазылып, окутулуп келүүдө. Бирок ошол башка каражаттардын кайсылар экендиги белгисиз бойдон калууда.

Келер чактын уюшулушундагы чакчыл -*а,* -*й* мүчөлөрүнүн жана андан кийин жак мүчөлөрүнүн жалганышы этиштин бир эле чагынын грамматикалык көрсөткүчтөрү боло албайт. Кыргыз тилинин морфологиясы боюнча жазылган окуу китептерде да чакчылдын -*а,* -*й* мүчөлөрү менен жак мүчөлөр келер чактын грамматикалык көрсөткүчү катары кызмат кылат деп жазылган эмес.

Демек, чакчыл мүчөлөр жана жак мүчөлөр аркылуу туюндурулган этиштин келер чак маанилерин грамматикалык өз каражаты жок эле уюшулган келер чак формалары катары эсептеп, аларды жак мүчөлөрүнө карап жиктештирип кароого болот.

Кыргыз тилинде этиш сөздүн уңгу түрүндө эле айтылып, грамматикалык айкын келер чакты билдиришине мисалдарды абдан көп келтирүүгө болот. Бул кыргыз тилине гана эмес, жалпы эле түрк тилдерине таандык болгон бир өзгөчөлүк деп эсептейбиз. Жалпы түрк тилдериндеги мындай өзгөчөлүк, этиш сөздөрдүн уңгу түрүнүн, экинчи жактагы жекелик сан формасынын, бардык түрк тилдеринин сөздүктөрүндө реестрге чыгарылып жазылышы керек деп профессор И. Абдувалиевдин белгилеген пикирин колдоого болот.

Ошентип, кыргыз тилиндеги этиш сөздөр эч кандай мүчөнү кабыл албай туруп эле келер чакты, тактап айтканда, айкын келер чакты билдире берет. Анткени этиштердин уңгу түрүндө айтылышы пикир алышуучудан же башка бирөөдөн дайыма талап кылуу грамматикалык манилерин билдирет. Ал эми ар

кандай талап кылуу, сунуш кылуу, өтүнүү, чакыруу, буюруу, уруксат берүү, суроо салуу сыяктуу грамматикалык маанилер кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан кезден кийин аткарыла тургандыгын билдирет.

Азыркы кыргыз тилинде этиштин башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган категорияларынын бири ыңгай категориясы болуп эсептелет. Этиш сөз түркүмүнүн ыңгай категориясында, башкача айтканда, этиш сөздөр баяндаганда, буйрук кылганда, тилек айтканда, ниет кылганда жана кандайдыр шарт койгондо сөз мезгил менен тыгыз байланышта, кайсы бир чакта айтыларын эске алып, келер чак маанилерин ыңгай маанилеринен ажыратпай чогуу караш керек экенин биз чогулткан факты-материалдар да айтып турат. Ошентип, келер чакты этиштин ыңгайлары менен тыгыз биримдикте карайбыз.

Жакшылап байкап караганыбызда кыргыз тилиндеги ыңгайдын түрлөрүнүн бешөөндө тең келер чак маанилери туюндурулуп турат. Мунун себебин кыймыл-аракеттин, ал-абалдын айтылышы дайыма этиш сөздүн баштапкы маанисинен башталып, келер чакта, башкача айтканыбызда, талап кылып, буюруп, сурап, өтүнүп сүйлөгөнүбүздүн өзүндө эле айтылат да, ошол себептен иштин али аткарыла электигинен кабар берет. Кыргыз тилинде ыңгайдын бардык түрлөрү чак маанилери, анын ичинде келер чак маанилери менен айтыла берет да, этиштин жактарынын үчөө менен тең айтыла берет. Анткени этиш сөздөрдүн өзгөрүшүндө акыркы болуп этиш сөзгө жакты билдирген мүчөлөр жалганат.

Этиштин **баяндагыч ыңгайы** жалаң эле келер чак маанилеринде эмес, башка чактардын маанилеринде да айтыла тургандыгын байкайбыз, бирок темабызга карап биз келер чак маанилерин билдире тургандыгын гана талдоого алдык.

Чакчыл *-а, -й* жана жак мүчөлөр. Чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрү менен айтылып жак мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу туюндурулган айкын келер чак формалары адатта жайынча айтылып баяндагыч ыңгайды билгизет. Кыргыз тилинде баяндагыч ыңгай бардык жактарда, жекелик жана көптүк санда айтыла берет.

***-а, -й* жана жак мүчө.** Айкын келер чактын баяндагыч ыңгай мааниси менен биринчи жакты туюндурган мааниси көбүнчө чакчылдын *-а (-е, -о, -ө* варианттары менен) жана *-й* мүчөлөрүнөн кийин биринчи жактын мүчөлөрү жалганып ишке ашат. Мындай стуруктуралык түзүлүш менен жалаң эле этиштин келер чагы эмес, бардык чактары уюшула берет. Грамматикалык өткөн чактын болсо өзүнүн уюшулушунда мүчөлөрү (*-ды, -ган, -чу, -тыр, -ыптыр*) бар. Жак мүчөлөр өткөн чакта тиешелүү жогорудагы өткөн чактык мүчөлөрдөн кийин келип жалгана берет.

-айын (-йын), -айык (-йык). Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын биринчи жакта айтылышын туюндурган *-айын* (кыскарган түрү *-йын*), көптүк сандагысы *-айын* (кыскарган түрү *-йык, -к*) мүчөлөрү көпчүлүк учурда баяндагыч ыңгай маанисинде келип айтылат. Тарыхый жактан алып караганыбызда бул татаал мүчө чакчыл мүчөлөрү менен жак мүчөлөрүнүн биригип кетишинен пайда болгон (*-а, -й + -мын, -ын, -ык, -к*). Бул мүчөнүн маанисинде дайыма грамматикалык келер чак туюндурулат, анткени бул татаал уланды мүчөсүнүн составына келер чакты билдирген жак мүчө *-мын, -ык* мүчөлөрү биригип кеткен.

Талдоого алган мисалдарыбыз боюнча келер чакты билдирген -*айын* мүчөсү тууралуу төмөнкүлөрдү айтууга болот.

1) Жекелик сандагы келер чактын биринчи жакта айтылышын туюндурган бул мүчө -*айын, -йын, -айм* жана -*аймын* деген сыяктуу тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап айтыла берери белгилүү болду.
2) Бул мүчө, -*айын* мүчөсү, этиштин терс маани уюштурган -*ба* мүчөсү менен айкашууга жөндөмдүү. Мындай учурда кыймыл-аракеттин же ал-абалдын аткарылышы, болушу боюнча терс маанини, тангандыкты билдире бергени менен натыйжанын али аткарыла электигин, боло электигин билдире берет. Келер чак мааниси жоголбойт.
3) Суроо маанисин билдирген -*бы* мүчөсү менен да айкаша берип, этиш сөздүн өзүндөгү жак, сан жана чак маанилери өзгөрбөй айтылат да, келер чак мааниси жоголбойт.

Буйрук ыңгайдагы келер чак маанилер. Жогоруда айтылгандай, этиш сөздөрдүн табияты кыймыл-аракетти, ал-абалды туюндуруу болгондуктан кыймыл-аракетти билдирген сөздөр уңгу же негиз формасында айтылганда эле пикир алышуучудан грамматикалык талап кылуу маанисинде айтылгандыкты билдирет: *ил-, оку-, ойно-, талкала-, чегер-, безелен-, ойгот-, кайгыр-, быкшы-, кеми-, аарчы-, кышылда-* ж.б. Ал эми грамматикалык талап кылуу мааниси кыймыл-аракеттин, ал-абалдын сөз болуп жаткан кезден, талап кылгандан кийин аткарыла тургандыкты түшүндүрөт. Ошентип пикир алышуудагы ар кандай талап кылуулар, буюруу, өтүнүү, биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, этиштик келер чак маанилеринде болот, кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан учурдан кийин боло тургандыгын туюндурат. Мына ошол талап кылуу, буюруу, өтүнүүлөр менен келер чактын билдирилиши ар кандай грамматикалык формаларда, ар кандай грамматикалык каражаттар аркылуу ишке ашырылат. Мына ошого жараша буйрук ыңгайда келер чактын туюндурулушун шарттуу түрдө төмөндөгүдөй топторго ажыратууга болот.

1) Грамматикалык каражатсыз эле буюруу маанисиндеги келер чак.
2) Биринчи жактын грамматикалык каражаттары аркылуу буюруу келер чак маанилери.
3) Экинчи жактын грамматикалык каражаттары аркылуу билдирилген буюруу келер чак маанилери.
4) Үчүнчү жактын грамматикалык каражаттары аркылуу уюштурулган буюруу келер чак маанилери.

Тилек, ниет ыңгайлардагы айкын келер чак маанилер. Кыргыз тилинде этиштин кыймыл-аракеттин аткарылышына болгон каалоо, тилек кылуу маанилерин, кыймыл-аракеттин аткарылышына карата ниеттенгендикти жана кыймыл-аракеттин аткарылыш же аткарылбашына болгон болжолду, шарттуулукту билдирген ыңгайлары бар. Булардын биринчи экөө, тилек жана ниет ыңгайлары тилде өтө пассивдүү. Тилек ыңгайдын -*гай* жана ниет ыңгайдын -*мак, -макчы* мүчөлөрү менен айтылган сүйлөмдөр, диалог азыркы кыргыз тилинде абдан аз жолугат.

Мына ушул тилек жана ниет ыңгайларынын маанилеринде келер чак маанилери басымдуулук кылат. Ыңгайлардын аттары эле айтып тургандай, кыймыл-аракеттин аткарылышына болгон ниет менен тилек, ошол кыймыл-аракеттердин сөз болуп жаткан учурунан кийин боло тургандыгын билдирип

турат. Ошондо да, кыймыл-аракеттин болушуна карата тилек менен ниетте айкындык маани сезиле бербейт. Ошондуктан ниет ыңгай менен тилек ыңгайдын келер чакты билдирген маанилери арсар келер чакта каралышы керек.

Шарттуу ыңгайдын келер чак маанилери. Этиштин шарттуу ыңгайы кыймыл-аракеттин аткарыларына же аткарылбашына карата божомол сыяктуу шарттуулукту билгизет. Демек, аткарылар же аткарылбас боюнча божомол кыймыл-аракеттин келечекте боло тургандыгын билдирип келер чак маанисинде ишке ашат. Шарттуу ыңгайдын мүчөсү *-са* мүчөсү болуп эсептелет да, үч жактын үчөөндө тең айтыла берет.

Мен анын карааның бир көрүп калсам деп зарыгып күтүп жатпаймынбы. (Ала-Тоо). Этиш сөз эңсөө шарттуулугу менен айтылып, эңсөө дегендин өзү келечектеги боло тургандык. Ошондуктан келер чак мааниси туюндурулуп жатат да, ал биринчи жак тарабынан аткарылып, биринчи жак болуп эсептелет.

Этиштин *-а элек* формасында келер чактын маанилери. Кыргыз тилинин келер чак системасындагы дагы бир өзгөчөлүк катары *-а элек* формасын көрсөтсө болот. Этиштин мындай аналитикалык формасы Борбордук Азиянын түрк тилдеринде жок. Бул форманын семантикасынын өзгөчөлүгү талап кылынып жаткан “күтүү” элементи болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, айкын келер чак маанилеринин уюшулушу бир нече грамматикалык, лексико-грамматикалык каражаттар аркылуу уюшулушу биз талдоого алып көрсөткөн мисалдардын негизинде белгилүү болду.

1. Кыргыз тили боюнча грамматикаларда жана окуу китептерде көрсөтүлүп белгиленгендей этиштин айкын келер чагы этиш сөздөргө чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрү жалганып, “андан кийин тиешелүү жак мүчөсүнүн жалганышы” аркылуу уюшулат: *барам, келем, окуйм, окуймун, барасың, барасыз, келесиң, келесиз, окуйсуң, окуйсуз, барабыз, барасыңар, окуйсуңар, келесиздер* ж.б.

2. Айкын келер чак *-гын* (көптүк санда *-гыла*) мүчөсүнүн жардамы менен да уюшулат. Бул мүчөнүн маанисинде *буйруу, талап кылуу, өтүнүү* деген сыяктуу грамматикалык маанилер бар. Мисалы, *окугун, окугула, тапшырманы аткаргын, ишти бүтүрүп койгула, алгыла тамактан, иштегин, иштегиле* ж.б.

3. Терс жана тангандык маанилерди уюштурган *-ба* мүчөсүнүн жардамы менен да грамматикалык айкын келер чак маанилери уюшулат. Мисалы, *алба, уктаба, бекер жатпа, оозуңа келгенди сөз экен деп сүйлөй бербе, “Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт”* (А. Осмонов). *Берендей эргип шаң менен, Беттешкен жоодон тайманба* (Ж. Бөкөнбаев)

4. Өтүнүч маанисин билдирген *-чы* мүчөсүнүн жардамы менен да айкын келер чак маанилери уюшула берет. Анткени буйруу, талап кылуу сыяктуу эле өтүнүчтө да, кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан мезгилден кийин аткарылары күтүлөт. Мисалы,

- *Толгонай, сабыр кыл, жүрөгүңдү токтотуп алчы* (Ч. Айтматов).

5. Этиштик уңгуга же негизге жалганган чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрүнөн кийин грамматикалык суроо маанисин туюндурган *-бы* мүчөсү жалганып келип да, айкын келер чак маанилери уюшулат. Мисалы, *Бул балаң бирдемени билеби*? (Ш. Бейшеналиев)

6. Чакчылдын *-ганы, -ганча, -гыча, -майынча* мүчөлөрү менен айтылган сөз формалары да тиешелүү кээ бир сөздөргө айкашып келип айкын келер чак

маанилерин уюштурат. Мисалы, *Адыл шаарда окууга өткөнү жүрөт; Аксакал, баягы иш жаман болгону турат (*К. Жантөшев). Шарттуу ыңгайдын -*са* мүчөсү да этиштин айкын келер чагынын маанисин туюндура берет.

7. Мезгилди билдирген *азыр, кийин, бир аздан кийин, эртең, бүрсүгүнү, эмки жылы* деген сыяктуу сөздөр кошо айтылганда да, этиш сөздөр келер чак маанилерин туюндуруп калат. Мисалы, *азыр айтам, кийин карап көрөбүз, эртең окуп келем, эмки жылы окуйм, бир сааттан кийин келет* ж.б.

8. Этиштин айкын келер чак маанилери *эле, экен, бекен* деген сыяктуу сөздөрдүн жардамы аркылуу да туюндурулуп калат. Мисалы: *Бардыгы ойдогудай болгондо, кечээ ишибиз бүтөт эле. Эч нерсе эмес, бирок карачы, дагы жарым көчө жүгүргөнүңдө иштин бардыгын бүлдүрөт элең* (К. Жантөшев).

9. Чакчылдын -*а,* -*й* формалары менен айтылган этиштерге *кой, бер* деген сыяктуу сөздөрдүн айкашып келгенинен да айкын келер чак уюшула берет. Мисалы, *уктай кой, жей кой, сүйлөй кой, айта кой, окуй бер, комуз черте отур, ала кет* ж.б.

КОРУТУНДУ

Этиш сөздөрдүн лексика-грамматикалык маанилери дайыма чак менен, башкача айтканда, тынымсыз өтүп жаткан убакыт, мезгил менен байланышта болот. Этиш сөздөрдүн сүйлөмдөрдөгү грамматикалык маанилери гана эмес, ар кандай кыймыл-аракеттерди, ал-абалды, акырындык менен жүргөн өзгөрүүлөрдү билдирген лексикалык маанилери да мезгил менен тыгыз байланыштарда болот. Анткени этиш сөздөрдүн маанилеринин туюндурулушу убакыт бирдигинде, субъектилердин кыймыл-аракет, ал-абалдарда болушу менен көрүнүп туюндурулат.

Кыргыз тилинде этиштин чактары, анын ичинде, келер чактын түшүндүрүлүшү атактуу профессор Касым Тыныстанов тарабынан алгачкы жолу китепке жазылып сунуш кылынган. Анын келер чак маанилерин *ашыркы чак* деп баяндап жазганы андан кийинки окуу китептерди, айрыкча мектептер үчүн, атайын орто окуу жайлары үчүн жазылган окуу китептерди жазган авторлор тарабынан өркүндөтүлүп жүрүп отуруп, 1964-жылы чыккан, мазмуну терең Кыргыз тилинин грамматикасында, салыштырмалуу терең изилденип жазылып түшүндүрүлгөн. Андан кийин жарык көргөн жогорку окуу жайлардын жана академиялык грамматикаларда бир топ такталып жазылып окурмандарга сунуш кылынган.

Ошентсе да, кыргыз тилинин кыргыз элин оозеки жана жазма формада тейлеген функционалдык милдетинде байкалган айрым бир чактык, келер чактык көрүнүштөрдүн окуу китептерде жана ар кандай деңгээлдердеги грамматикаларда катталбай келаткан жагдайлары белгилүү болду. Азыркы кыргыз тилиндеги келер чак маанилеринин этиш сөздөргө чакчыл мүчөлөрү жалганып, ага улай жак мүчөлөрүнүн уланышы менен жана -*ар,* -*бас* мүчөлөрүнүн жалганышы менен гана уюшулушу менен эле чектелбей тургандыгы белгилүү болду.

Кыргыз тилиндеги келер чактын лексика-грамматикалык жактан айкын келер чак жана арсар келер чак деген эки топтон турары белгилүү. Ал эми арсар келер чактын грамматикалык атайын өз каражаттары, -*ар* жана -*бас* уланды мүчөлөрү аркылуу уюшулары кыргыз тили боюнча грамматикаларда, орто

мектептердин, атайын орто окуу жайлардын жана жогорку окуу жайлардын окуу китептеринде окутулуп келе жатат.

Ошондой болгону менен, биздин изилдөөбүздүн натыйжасы катары, жогоруда белгиленгендей, көркөм адабияттан, басма сөздөрдөн, элдик оозеки чыгармалардан алынып талдоодон өткөн мисалдар көрсөткөндөй төмөндөгүдөй корутундулар келип чыкты.

1. Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилери этиш уңгулардын, этиштик негиздердин өздөрүнүн лексика-грамматикалык маанилеринин өзүндө эле бар болуп айтылат.

Анан дагы кыргыз тилиндеги этиштердин, алар уңгу түрүндө болобу, куранды мүчөлөр жалганып турган негиз түрүндө болобу, бардыгынын лексикалык жана жалпы грамматикалык маанилеринде жекелик сандагы экинчи жак жана буюруу маанилери туюндурулуп, этиштердин өзүнүн грамматикалык каражат жалганбай туруп эле келер чакты билдире тургандыгынын өзү да мисал катары кызмат кыла алат.

2. Окуу китептерде жана грамматикаларда жазылып келе жаткандай, этиш сөздөргө чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрү жалганып, андан кийин жак мүчөлөрүнүн бири жалганып келер чак мааниси уюшулат. Белгилүү болгондой ушул эле грамматикалык каражаттардын этиш уңгуга жалганышы менен учур чак мааниси да туюндурулат. Булардын айырмасы контексттеги сүйлөмдүн мааниси менен аныкталат. Контексттин учур чакта, келер чакта, айтылган интонациясы менен, айрым учурда грамматикалык келер чак маанисине ыктап айтылган мезгилди билдирген сөздөрдүн катышуусу менен келер чак туюндурулат.

3. Белгилүү болгондой, этиштердин арсар келер чагын уюштурган грамматикалык каражаттар оң мааниде айтылган *-ар* мүчөсү жана терс мааниде айтылган же тангандыкты билдирген *-бас* мүчөсү келер чак маанилерин уюштурат.

4. Диалогдук суроо-жооп речте айтылган этиштер дайыма келер чакты билдирет. Анткени берилген суроолор бир аздан кийин берилер жоопторду күтүп, келер чак маанилеринде жүрөт.

5. Этиштин айкын келер чагы *-гын* (көптүк санда *-гыла*) мүчөсү менен да уюшулат.

6. Өтүнүч маанисинин мүчөсү *(-чы)* көбүнчө кыймыл-аракеттин, ал-абалдын сөз болуп жаткан кезден кийин боло турганын билдирип, келер чак маанисин уюштурат.

7. Суроо маанисинин мүчөсү *(-бы)* да көбүнчө келер чакты уюштуруучу грамматикалык каражат болуп кызмат кылат.

8. Лексиканын составында стилистикалык өзгөчө маанилерди билдирген тилдөө сөздөрүндө да келер чактын мааниси болбой койбойт. Анткени, эмоциялык экспресивдүү абалда болуп, тилдөөлөр конкреттүү бирөөгө карата айтылат да, аларда, тилдөө сөздөрүндө кыймыл-аракеттердин, ал-абалдын учурдан кийин болору тууралуу сөз болот.

9. Этиштин ыңгай категориясынын буйрук, тилек, ниет ыңгайларынын маанилери да көбүнчө келер чактагы айтылыш болуп эсептелет.

10. Грамматикалык терс маанилерди билдирүүчү *-ба* мүчөсү да этиштин келер чак маанилерин уюштуруучу каражат катары кызмат кылат.

11. Кыргыз тилинде этиштин келер чагын уюштуруучу лексика-грамматикалык каражаттардын катарына мезгилди билдирүүчү *азыр, кийин, бир аздан кийин, эртең, бүрсүгүнү, эмки жылы, көптө барып, соң, аздан соң, убагы келгенде, учуру менен* деген сыяктуу сөздөрдү да кийирүүгө болот. Сүйлөмдө мына ушул сыяктуу сөздөрдүн катышуусу, ал сүйлөмдөгү этиш сөз билдирген кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан учурдан кийин, кийинчерээк, алда канча убакыттан кийин болорун же аткарыларын туюндурат. Демек, мына ушул сыяктуу сөздөр да этиш сөз түркүмүнүн келер чагын уюштуруучу каражаттардын бири боло алат.

12. Кыргыз тилинин келер чагынын уюшулушунда жардамчы этиштердин да ролунун чоң экендиги атайы белгилөөгө арзыйт. Окуу китептерде жана ар кандай деңгээлдеги грамматикаларда этиштин келер чагын уюштурган *эле, экен, беле, бекен* деген жардамчы этиштер туурасында сөз болуп келе жатат. Биздин изилдөөбүздүн натыйжасында бул жогорудагы жардамчы этиштер гана эмес, *жат, кел, жүр, отур, кал* деген сыяктуу жана башка жардамчы этиш сөздөрдүн да этиштин келер чагын уюштура ала тургандыгы белгилүү болду.

Кыргыз тилинде этиштин келер чагын уюштурган лексика-грамматикалык каражаттар бул жогоруда биз санап өткөн фактылар менен эле чектелбейт. Тилдин элди лексика-грамматикалык жактан тейлөөсүнүн алкагы өтө кенен деп ойлойбуз.

13. Изилдөөбүздүн жыйынтыгында булардан тышкары азыркы кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чакты туюндурган маанилери боюнча да белгилүү деңгээлде төмөндөгүдөй тыянактарга келдик.

1). Келер чак этиштер чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрү жана жак мүчөлөр менен келип жайынча айтылганда айкын келер чактын маанисин берет. Сурама ат атоочтор катышып келгенде кыймыл-аракеттин же ал-абалдын аткарылар же аткарылбашынын айкын экендигин билгизет.

2). Этиш сөздөрдүн уңгу (негиз) түрүндө эле келер чакты билдирип айтылганында этиш уңгунун лексикалык мааниси толук сакталып, грамматикалык экинчи жак, жекелик сан маанилери менен айтылат. Мындай көрүнүш этиш сөздөрдүн баштапкы формасындагы лексика-грамматикалык маанилери менен түшүндүрүлөт. Негизи бардык түрк тилдеринде этиштер экинчи жак, жекелик сан формасында сөздүккө катталса, тилдердин бири-бирине жакындыгы арта түшмөк [3], деген көз караш колдоого татыйт. Эгерде тиешелүү суроо же кандайдыр күчтүү сезим менен айтылган интонация менен сөз жүрсө, ошого жараша суроо, буюруу, талап кылуу сыяктуу маанилер уңгу этиштер менен эле туюндурула берет. Уңгу этиштер эч кандай грамматикалык каражат жалганбай туруп эле грамматикалык жайынча айтылыш, грамматикалык күчтүү сезим менен буйрук маанисиндеги айтылыш жана грамматикалык суроо мааниси менен айтылыштарын билдирип жатат.

3). Вульгардык лексика колдонулганда, анын тилдөө жана урушкандык маанисинде айтылып жаткан сөздөрдүн колдонулушунда сөздөрдүн дайыма эмоциялык-экспрессивдик маанилери келер чак маанилерин коштоп жүрөт.

4). Этиш сөздөрдүн чак маанилеринде айтылышында *көрүнөт, өңдөнөт, окшойт, сыяктанат* деген сыяктуу жардамчы этиштердин маанисиндеги сөздөр катышканда келер чактын маанисине модалдык маанилери кошулуп туюндурулат.

Этиш сөздөрдүн грамматикалык маанилери өтө ар түрдүү. Ошон үчүн келер чактагы айтылган этиштердин кошумча грамматикалык маанилерди туюндурган учурлары грамматикалык каражаттардын катышы менен эле чектелбейт. Муну биз жогоруда этиш уңгулардын (негиздердин) өзүндө эле келер чактын бар экенин талдап иликтегенибизде белгилүү болгонун айтып өткөнбүз. Канткен менен этиш сөздөрдүн мезгил агымындагы кыймыл процесстерин, нерселердин белгилүү деңгээлде ал-абалын, кандайдыр өсүп-өнүгүп өзгөрүү процесстерин туюндурган лексика-грамматикалык маанилеринен эле байкалып, белгилүү болот.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРИНИН ТИЗМЕСИ:

1. **Султанова, А.** Кыргыз тилинде этиштин айкын келер чак маанилери тууралуу [Текст] / А. Султанова // Uluslararası Türk dünyasında ilmi araştırmalar sempozyumu bildiri kitabı. – Кастамону, 2016. - С.452-453. - Режим доступа: http://uep.kg; http://symposium.uep.kg/article-rules
2. **Султанова, А.** Түркологиядагы келер чак маанилери тууралуу [Текст] / А. Султанова, И. Абдувалиев // Учебно-научно-производственного комплекса Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова Научно-популярный периодический журнал «Вестник МНУ» Материалы международной научно-практической конференции «I Токтомаматовские чтения”– Жалал-Абад, 2018. - № 1, - С.401-403. - Режим доступа: https://mnu.kg/vestnikfiles/2018.pdf
3. **Султанова, А.** Келер чактын изилдениш тарыхынан [Текст] / А. Султанова // Uluslararası Türk dünyasında ilmi araştırmalar sempozyumu bildiri kitabı – Кастамону, Казакстан, Чымкент, 2018. - Режим доступа: http://uep.kg; http://symposium.uep.kg/article-rules
4. **Султанова, А.** Түрк тилдүү элдердин тилинде этиштин келер чагынын изилдениши [Текст] / А. Султанова // Республиканский научно-теоретический журнал Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №1. - С.275-279. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=46623990
5. **Султанова, А.** Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилеринин иликтениш маселелери [Текст] / А. Султанова // Республиканский научно-теоретический журнал Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №3. - С.276-280. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=46306405
6. **Султанова, А**. Келер чактын баяндагыч ыңгай маанилери аркылуу туюндурулушу [Текст] / А. Султанова // К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин Жарчысы. – Жалал-Абад, 2022. - Режим доступа: https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/05/Вестник-№1-2022.pdf
7. **Султанова, А.** Этиштердин табиятындагы келер чак [Текст] / А. Султанова // Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Жалал-Абад, 2022. - Режим доступа: http://jagu.kg/view/vestnik
8. **Султанова, А.** Выражение определенного будущего времени через его спряжение [Текст] / А. Султанова // Bulletin of Science and Practice Scientific Journal. – Москва, 2022. - Volume 8, Issue 5. - С.784-790. - Режим доступа: https://www.bulletennauki.com/article/78/97 https://doi.org/10.33619/2414-2948/78/97
9. **Султанова, А.** Кыргыз жана казак тилдеринде этиштин келер чагы [Текст] / А. Султанова, И. Абдувалиев // Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова Научно-популярный периодический журнал «Вестник МНУ». – Жалал-Абад, 2022. - №2. - С.190-193. - Режим доступа: https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/05/Вестник-№2-2022.pdf
10. **Султанова, А.** Айкын келер чак маанилеринин үчүнчү жак аркылуу туюндурулушу [Текст] / А. Султанова // Республиканский научно-теоретический журнал Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2022. - №4 - Режим доступа: http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/archive
11. **Султанова, А.** Выражение глаголов определенного будущего времени первого лица [Текст] / А. Султанова, И. Абдувалиев // МИР СОВРЕМЕННОЙ НАУКИ Издательство “Перо”. - Москва, 2022. - Режим доступа: https://istina.msu.ru/journals/1209758/

12. **Султанова, А.** Этиштин айкын келер чагынын мамилелерде жана үчүнчү жакта туюнтулушу [Текст] / А. Султанова // Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова Научно-популярный периодический журнал «Вестник МНУ». – Жалал-Абад, 2022. - №4. - С. 198-202. https://mnu.kg/wp-content/uploads/2023/02/vestnik-№4-2022.pdf
13. **Султанова, А.** Буйрук ыңгайда келер чак маанилеринин туюндурулушу [Текст] / А. Султанова // ASEAD 10. ULUSLARARASI SOSYAL BİLİMLER SEMPOZYUMU EJSER 10th INTERNATIONAL SYMPOSIUM ON SOCIAL SCIENCES 19-21 Kasım / November 2022 – С. 819-826. https://aseadsempozyum.org/wp-content/uploads/2022/12/asead-10.-uluslararasi-sempozyum-tam-metin-kitabi.pdf
14. **Султанова, А.** Кыргыз тилиндеги келер чак маанилери тууралуу [Текст] / А. Султанова, И. Абдувалиев // «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү, дене тарбиясы жана жарандык аң-сезими – учурдун өзөктүү маселеси» аттуу XII эл аралык илимий-практикалык симпозиум 12-13-май, 2023-жыл. "Эл агартуу" журналы. – Бишкек, 2023. - С. 12-14. https://elibrary.ru/title_about.asp?id=69534

Султанова Айжамал Абылкасымовнанын «Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилериндеги өзгөчөлүктөр» деген темадагы 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

РЕЗЮМЕСИ

Ачкыч сөздөр: кыргыз тили, этиш сөз түркүмү, келер чак, айкын келер чак, арсар келер чак, учур келер чак, өткөн келер чак, лексика-грамматикалык каражаттар.

Изилдөөнүн объектиси болуп этиш сөздөрдүн келер чакта айтылышы боюнча көркөм адабияттардан терилип алынган мисалдар саналат.

Изилдөөнүн предмети болуп кыргыз тилинин грамматикасында келер чакты билдирип айтылган этиштердеги мүчөлөрдүн маанилери эсептелет.

Изилдөөнүн максаты болуп азыркы кыргыз тилиндеги келер чак этиштердин маанилерин, келер чакты уюштурган лексика-грамматикалык каражаттарды тактоо саналат.

Изилдөө ыкмалары. Илимий изилдөөдө колдонулган негизги ыкмалар болуп грамматикалык байкоо, грамматикалык каражаттарды салыштыруу ыкмалары эсептелет. Түрк тилдеринин материалдарын изилдөөнүн жүрүшүндө салыштырма-тарыхый ыкманын тажрыйбалары да колдонулду.

Алынган натыйжалар: азыркы кыргыз тилиндеги чак категориясынын келер чак маанилери алгачкы жолу изилденип, андагы грамматикалык каражаттар такталды; чак категориясынын учур чагы менен келер чагынын уюшулушундагы жалпылык жана айырмачылык жактары ачып көрсөтүлдү; түрк тилдериндеги учур-келер чак жана өткөн-келер чак деп айтылган терминдердин азыркы кыргыз тилинин грамматикасына туура келер-келбестиги көрсөтүлдү; кыргыз тилиндеги келер чактын морфологиялык жактан уюшулушу негизинен учур чакка окшош болгону менен гарамматикалык келер чак маанилери даана байкалаары аныкталды; кыймыл-аракет убакыт бирдигинде боло турган көрүнүш, анын абстрактуулугу болуп жаткан жана болуп өткөн сыяктуу эле боло тургандык акыйкаты менен да ченелет; келер чакта боло турган кыймыл-аракет, ал-абалдар субъекттин жана объекттин ортосундагы аткарылыштын болжолдуулугу менен байланышта болот; этиш сөздөрдүн келер чак маанилери этиш сөздөрдүн лексикалык маанилерине, ыңгай жана айрым учурларда мамиле категорияларынын маанилерине да көз каранды болуп калат; кыймыл-аракет, ал-абал эч убакта субъектисиз ишке ашпагандыктан, этиштин келер чак маанилеринин туюндурулушу жак категориясынын ишмердүүлүгүндө болуп эсептелет.

Колдонуу чөйрөсү: алынган натыйжалар конкреттүү корутундулар, тыянактар жана сунуштар деңгээлине жеткирилди. Аларды кыргыз тилинин академиялык грамматикасынын жазылышында, билим алуучулар тарабынан кыргыз тилинин грамматикасын өздөштүүүсүндө колдонууга болот. Иштелип чыккан тыянактар жана сунуштар, жоболор жана практикалык нускамалар илимий негиз катары кызмат кылуу менен профилдик жогорку окуу жайларда тиешелүү предметтерди окутууда, илимий изилдөө иштерин жана окуу-усулдук куралдарды даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

РЕЗЮМЕ

диссертационной работы Султановой Айжамал Абылкасымовны «Особенности в значениях будущего времени глагола в кыргызском языке», представленной к защите на соискание учёной степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык

Ключевые слова: кыргызский язык, глагольное словосочетание, будущее время, будущее определённое время, будущее неопределённое время, настоящее будущее время, прошедшее будущее время, лексико-грамматические средства.

Объектом исследования являются примеры, выбранных из художественной литературы предложений с глагольными словами в будущем времени.

Предметом исследования служат значения частиц глаголов, обозначающих в грамматике кыргызского языка будущее время.

Целью исследования являлось уточнение значений глаголов будущего времени в современном кыргызском языке, а также лексико-грамматических средств, организующих будущее время.

Методы исследования. Основными методами, которые мы использовали в научной работе, были грамматические наблюдения, методы сравнения грамматических средств. В ходе изучения материалов тюркских языков мы использовали опыт и методику сравнительно-исторических исследований.

Полученные результаты: впервые были исследованы значения категории будущего времени в современном кыргызском языке, были уточнены грамматические средства в них; были показаны общность и различия в организации категорий настоящего и будущего времени; было показано, соответствуют ли грамматике современного кыргызского языка явления тюркских языков, обозначаемых терминами настоящее-будущее время и прошедшее-будущее время; определено, что образование будущего времени в кыргызском языке морфологическим способом хотя в целом схоже с настоящим временем, однако в них ясно проявляются грамматические значения будущего времени; действия и движения – явления, происходящие в единицу времени, его абстрактность измеряется как и происходящее, и происходившее правдой того, что будет происходить; действия и движения в будущем связаны с вероятностью состояния между субъектом и объектом; значения будущего времени глаголов могут оказаться зависимыми от лексических значений глаголов, наклонения, а в отдельных случаях – значений категории отношений; поскольку действия, движения и состояния не могут происходить без субъекта, выражение значений будущего времени глагола происходит в деятельности категории лица.

Сфера употребления: полученные результаты доработаны до уровня конкретных выводов и предложений. Их можно использовать при написании академической грамматики кыргызского языка, при изучении грамматики на курсах кыргызского языка. Материалы нашего исследования, наряду с использованием в научных целях, будут полезны при чтении лекций в профильных высших учебных заведениях, подготовке учебно-методических пособий.

ABSTRACT

of dissertation **"Features in Future Tense meanings of verbs in Kyrgyz "**
submitted by Sultanova Aizhamal Abylkasymovna for a scholarly degree of Candidate of Philological Sciences in 10.02.01 – the Kyrgyz language

Key words: the Kyrgyz language, verb, future tense, definite future tense, indefinite future tense, present future tense, future tense in the past, lexico-grammatical means.

The object of the research comprises the future tense verbs collected from the data of literary works.

The subject of the study encompasses the meanings of the future tense suffixes in the the Kyrgyz grammar.

The purpose of the study is to define the meanings of future tense verbs in modern Kyrgyz, and the lexical-grammatical means that form the future tense.

The Research methods. The thesis applies grammatical observation and comparison of grammatical means. The methods of Historical and Comparative Linguistics are used in the study of research data in Turkic languages.

The Research findings: the meanings of the future tense and grammatical means that form it are studied in the Kyrgyz language for the first time; the similarities and diffrerences in forming the present tense and the future tense are revealed; the research outlines whether the present future tense and future in the past tense in Turkic languages have or do not have the same patterns in modern Kyrgyz. Though the formation of the future tense is similar to structure of the present tense, it has distinct grammatical meanings; action is a phenomenon that takes place within time, its abstractness is measured by the truth of past, present and future; actions and situations that will happen in the future tense are related to the predictability of the performance between the subject and the object; future tense meanings of verbs depend on lexical meanings of verbs, mood category and in some cases the meanings of voice category; since the action and situation never happen without a subject, the expression of future tense meanings is related to the activity of the person category of a verb.

The Scope of application: the obtained research findings comprise the specific conclusions and recommendations. The results of study can be used in writing of the academic grammar of the Kyrgyz language and in learning of the Kyrgyz grammar. The proposed conclusions, hypotheses, recommendations and practical instructions can be applied as an academic source for the further research; the study outcomes can be used in the academic courses in colleges and universities as literature review and some teaching manual.